**УДК:371.214.152**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ.
# ВОСПИТАНТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ЭПИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПО ПРЕДМЕТУ «ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ» В НАЧАЛЬНОМ ШКОЛЕ
# EDUCATIONAL VALUE OF APIC WORKS ON THE SUBJECT OJ LITERARY READING

***Досматова Гульзира Жумабаевна***
***ОГПИ gdosmatova03@mail.ru***

***Аннотация:*** Башталгыч класс окуучуларын компетенттүүгүн калыптандыруу бүгүнкү күндүн талабы. башталгыч класс окуучуларын инсандык сапаттарын калыптандырууда «Адабий окуу» предметиндеги эпикалык чыгармалардын тарбиялык орду өзгөчө чоң мааниге ээ. Макалада эпикалык чыгармаларга өзгөчө көңүл бурулат. Башталгыч класс окуучуларын маданиятын калыптандырууда адабий окуу сабагы чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ. Анткени ар бир мектеп программасында эпикалык чыгармаларды окуп түшүнүү аркылуу чыгармадагы болгон окуя, сюжеттерди эске сактоо аркылуу окуучуларды адеп-ахлакка, нравалуулукка, өз Ата Мекенин сүйүүгө, Мекен бул ар бир адам баласына абдан кымбат экендигин туура түшүнүүгө тарбиялоо, адамдардын бири бирине болгон мамилесине, эмгекке, коомдук ишке, адеп –ахлактуулукка ж.б. жакшы сапаттарга ээ болууга таасир берет.

***Аннотация:*** Формирование компетентности учащихся начальной школы является требованием современности. Особое место в формировании личностных качеств младших школьников занимают эпические произведения по предмету "литературное чтение". В статье особое внимание уделяется эпическим произведениям. Уроки по литературному чтению имеют безграничные возможности для формирования культуры детей младшего школьного возраста.Потому как после прочтения эпических произведений, у учеников в памяти остается его сюжет, который влияет на формирование таких положительных качеств, как: нравственность, любовь к Родине, ценности места, в котором он родился, взаимоотношений между людьми, труде, социальной работе, культуре, и т.д.

***Annotation:*** The formation of the competence of elementary school students is a requirement of modernity. A special place in the formation of personal qualities of younger students is occupied by epic works on the subject of “literary reading”. The article focuses on epic works. Lessons on literary reading have unlimited possibilities for shaping the culture of children of primary school age.
Because after reading the epic works, the pupils remember his plot, which influences the formation of such positive qualities as: morality, love for the Motherland, values of the place in which he was born, relationships between people, work, social work, culture, etc.

***Ачкыч сөздөр:*** *маданияттуу окурман, тарбия, жомок, адептүүлүк, гумандуулук,эпикалык чыгармалар, мугалимдин милдети.*

***Ключевые слова:*** *культурный читатель, воспитание, сказка, нравственность, гуманность, эпические произведения, задачи учителя.*

***Key words:*** *cultural reader, upbringing, fairy tale, morality, humanity, epic works, teacher's tasks.*

Кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын окуучуларга тарбиялык мааниси зор. Анткени ар бир мектеп программасында эпикалык чыгармаларды окуп түшүнүү аркылуу чыгармадагы болгон окуя, сюжеттерди эске сактоо аркылуу окуучуларды адеп-ахлакка, нравалуулукка, өз Ата Мекенин сүйүүгө, Мекен бул ар бир адам баласына абдан кымбат экендигин туура түшүнүүгө тарбиялоо, адамдардын бири бирине болгон мамилесине, эмгекке, коомдук ишке, адеп –ахлактуулукка ж.б. жакшы сапаттарга ээ болууга таасир берет.

Элдик педагогика «Манас» эпосунда. Кыргыз элинде жаш муундарга тарбия берүү тажрыйбасынын тамыры тереңде жатат. Педагогика илимдин тармагы катары өз алдынча

өнүктүрүлбөгөнү менен улам кийинки урпактарды тарбиялоо, калктын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү болгон. Элдин бул багытттагы көз карaщ, идеялары ооз эки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүндө жогорку көркөмдүктө чагылдырылган. «Манас» эпосу көркөмдүгү жогору, мазмуну терең эң көрктүү чыгарма, элдин өзүн-өзү аңдап билүү каражаты катары кыргыз калкынын педагогикалык көз карашынын кылымдар бою өнүгүшүн жандуу чагылдырып, таалим-тарбия берүү процесси, жаштарга мурунку муундун турмуштук тажрыйбасын өткөрүп берүү практикасы тууралуу кеңири маалымат берет. Ошондой эле эпостун энциклопедиялык мазмуну тарых, география, биология, астрономия, медицина илимдин жана башкалар тармактары боюнча угуучуларга билим берүү, дүйнө таануу милдетин аткарып, калктын калың катмарына чыгарманын кеңири белгилүү болуп, өзгөчө сүймөнчүлүкө ээ болушу, этикага жана моралга байланыштуу элдик түшүнүктөр «Манастын» образдарынын мисалдарына түшүндүрүлүп, жаштарга тарбия берүүнүн эң бир натыйжалуу каражатына айланышына шарт түзгөн. [1]

Тарбия берүү бул аң-сезимдүү процесс, түпкү максаты айкын болгондо гана натыйжалуу болот. Кыргыз эли кандай адамды өстүрүү жөнүндө тилек кылган, эмнеге умтулган? Мыкты адам жөнүндөгү элдик түшүнүктүн алып жүрүүчүсү Манас баштаган эпостун көптөгөн оң каармандары экенин эске алсак аларга коюлган талап да эң олуттуу. Эл эптеп эле тукумду уланта турган урпак жөнүндө ойлобостон, телегейи тегизидике умтулганын байкоого болот. Ошондуктан эпостогу көптөгөн образдар болуп өткөн жана болуп жаткан турмуш чындыгынан, андагы реалдуу адамдардын жүрөк-жоосун, мүнөздөрүнөн гана куралган эмес, ага элдин кыял-тилеги, ой-мүдөөсү да ширетилген. Чыгармада сүрөттөлгөн согуштук демократия доорунун мүнөзү, анын керектөөлөрү жоокердик сапатка басым жасалышын шарттаган. Эл көп кылымдар бою көз каранды эместик, эркиндик үчүн сырткы жана ички душмандар менен күрөшүп келген шартта адам баарынан мурун жоокер катары бааланган. Бул талап жеке эле эр бүлөгө тиешелүү болбостон, кары-жаш, аял-эркек дебей уруу, уруктун бардык мүчөлөрү үчүн баарынан жогору турган милдет болот. Жогоруда айтылгандарды эл кара күчкө, баатырдыка гана маани берген экен деп түшүнүүгө болбойт. Адамдын күчү, тунук акылы, бийикадамгерчилиги, адептүү жүрүм-туруму, кылдат өнөрү менен айкалышып турууга тийиш болгон. Кыргыз элинин идеялы эл-жеринин эркиндигин, көз каранды эместигин бардыгынан жогору койгон патриот, башка элдин өкүлдөрүн сыйлай, урматтай, татыктуусунан дос күтө билген адилет, эмгекти сүйгөн, өнөрдү баалаган эмгекчил жана чебер, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөткөн адептүү, сулуулукту түшүнгөн сезимтал адам болуп саналган. Идеал каармандар жалаң гана оң сапаттардан түзүлгөн, кенедей кемчилиги жок адамдар болуш керек деп эсептелбейт. Бардык эле тирүү жан сыяктуу алардын кылык-жоруктарында, кылган иштеринде калпыстыктар кезигип, мүнөздөрүндө айрым кемчиликтер учурашына жол берилет. Ал түгүл Манастын өзүндө байкабастык, кенебестик сапаттар бал. Себеби ал – тирүү адамдын жандуу образы катары таасирдүү. Муну менен чыгарма адамдын жетилүүсү, жеткилендике умтулуусу бүтпөй турган түбөлүктүү процесс экендиги жөнүндөгү элдин акылман оюн ырастайт.

Балдарды чоңойтуп өстүрүүнүн, аларды эл арасында калыптанган түшүнүккө ылайын тарбиялоонун натыйжалуу каражаты катары кыргыз элинде эмгек, түрдүү оюн-зооктор, сөздүн сыйкырдуу күчү, жакшы адамдардын үлгүсү пайдаланылганын эпостун материалдары ырастайт. Эмгектин адамдын калыптанышындагы ролун жогору баалашып, келечек жоокерлерди анын оор, бирок керектүү мектебинен өткөрүп келгендиги Манасты бала чагында Ошпурга койчулука бергенинен көрүнөт. Ал эми аскердик оюндарды ойнотуу, кылыч чабуу, найза саюу, жаа тартууга кичинесинен машыктыруу балдарды жоокер катары тарбиялоонун маанилүү шарты болгон. Кыргыз эли сөздүн күчүнө чоң маани берип «өнөр алды кызыл тил» деп сөзмөрдүктү жогору баалап келген. Ошондуктан, сөздүн касиети кыргыз элинде балага гана эмес чоң кишилерге да таасир этүүгө, аларды оң жолго багыттоого кеңири пайдаланылып, натыйжалуу каражаттардан болгондугун эпостун материалдары далилдейт. Шарт-кырдаалга жараша акыл-насаат, каалоо, ачык же кыйытып айтуу, ант, бата, каргыш, алкыш сыяктуу адамдын

акыл-эсине таасир этүүчү сөздүн түрлөрү чыгарманын каармандарынын сүйлөгөн сөздөрүндө көп жолугат. Ал түгүл бир караганда салттык мааниге гана ээ сыяктуу көрүнгөн өлүм алдындагы адамдын керээзи жанан дүйнөдөн кайткан адам тууралуу кошок да терең тарбиялык мааниге ээ. Манастын керээзинин мазмунунун терендиги, таасир этүү күчү атанын балага болгон сүйүүсү, келечеги үчүн тынчсыздануусу, алдын ала камкордук көрүүсү жеке Семетей эле эмес келечек муун үчүн аталардын жасаган иш-аракети катары көрүнгөн. Манастын керээзи – кыргыз элинде баланын тагдыры үчүн атанын зор жоопкерчилигинин күбөсү. Ал эми баланын аман-эсен чоңойтуп, эрезеге жеткирүүдө, коомдун керектөөсүнө ылайык адам кылып тарбиялоодо эненин баа жеткис ролу чыгармада Каныкей, Айчүрөк, Алтынай сыяктуу энелердин образдарынын мисалдарында айгинелейт. Мындан тышкары көптү көргөн аксакалдардын турмуштук бай тажрыйбасына, элдик акылмандыкка ширетилген сөздөрүндө омоктуу маани жатат. Чыгармада муундардын байланышы, турмуштук тажрыйба, салт-санаа, үрп-адат жагдайында топтолтон байлыктардын чыпчыргасын коротпой кийинки муунга өткөрүү маселесине көп көңүл бурулган. Маселенин практикалык чечилишинин эң сонун мисалдарын чыгармадан бир нече ирет жолуктурабыз.[2]

Мисалы, «Семетей» бөлүмүндөгү «Каныкейдин жомогу» эпизодунда акылман эне кенедейинен мекенинен кетүүгө аргасыз болгон уулуна кыргыз жеринин кооздугу, элинин меймандос, баатырдыгы, атасы Манас жана анын эр жүрөк чоролорунун каармандыктары, ал түгүл дос-душманы жөнүндө бекеринен терип-тепчип айтып олтурбайт. Муну менен ал Семетейди ошол кооз жердин, баатыр элдин бөлүкчөсү, баатыр атасынын эрдик иштеринин улантуучусу, бабаларынын руханий байлыгынын мураскору экендигине ынандырат. Бул эпизод — бир, чети терең тарбиялык мааниси бар иш-чара болуп эсептелсе, экинчи жагынан ата мурасын балага тапшыруунун, муундар арасындагы байланыштын жандуу мисалы. Чыгарманын каармандары өздөрүн тамырсыз камгак катары эмес, откон менен азыркы, азыркы менен келечектин ортосундагы көпүрө катары сезишет. Ошондуктан алар ата-бабалары жасап кеткен иштери үчүн да жоопкер. Бул сезим аларды укум-тукумун уят кыла турган кылык-жоруктардан качууга аргасыз кылат, алар сыймыктана турган иштерди жасоощ, эрдиктерди көрсөтүүгө шыктандырат. «Манас» эпосунун ар эпизодунан элибиздин тоо сууларындай шаркырап, кээде ээ жай бербей кеткен эркин духунун, кимдин алдына келсе сыпайгерчилик үчүн башын ийсе да белин бүккүсү, башкалардын алдында инсандык беделин түшүргүсү келбеген, кандай кыйнчылыктар болбосун, атүгүл өлүм алдында жатса да дайыма “жакшы” деп жооп берген бийик рухунун намыс үчүн оттон, суудан кайра тартпаган кашкөйлүгүнүн илеби сезилип турат [3]

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» элдин тарбия жагдайындагы тушунук, көз караш, идеяларын чагылдырган, ошондой эле зор таалим-тарбия берүүчү касиетке ээ педагогикалык кенч болуп саналат. Анда бала, аны өстүрүү, тарбиялоо, турмуштук тажрыйбага үйрөтүү, муундар ортосундагы байланыш сыяктуу маселелер чыгарманын каармандарынын иш-аракеттери, кылык-жоруктары, карым-катнаштары, кагылыштары аркылуу жандуу чагылдырылган. Коюлган маселелердин корком чечилишинен элдин бул проблемага зор маани бергендигин, бийик максатты алдыга коюп, аны турмушка ашыруунун натыйжалуу каражаттарын иштеп чыгып, системалуу пайдаланып жана кылымдар бою өркүндөтүп келгендигин байкоого болот.

**Адабияттар:**

1. Артыкбаев Качкынбай «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» Фрунзе «Мектеп» 1982-ж
2. Бектенов З.Байжиев Т. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 9-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби.2-бас.-Б.:1993,
3. Асипова Н.А. «Этнопедагогика» Бишкек -2019-ж